ЖҮРҮМ-ТУРУМ АДЕБИ


# АЛТАЙ

## Ар дайым жеңүүнү каалайм!



avrasya Press

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 52






# Ар дайым жеңүүнү каалайм!

Түзгөн: Нуршен Ширин
(Балдарды жана өспүрүмдөрдү
тарбиялоочу атайын адис)
Сүрөтчү: Неше Инан
Которгон: Канышай Эргашева
Редактор: Гедик Рахат
Корректор: Жыпара Ибраимова
Дизайнер: Насыпбек Асанбаев





Бул китеп төмөнкү түп нусканын негизинде
даярдалды:
Nurşen Şirin: Alper
Timaş yayınları

Алтай /Түз. Н. Ширин; котор. К. Эргашева;
Сүрөтчүсү Н. Инан, -Б.: 2103 - 32 б.
ISBN 978-9967-453-80-7

© Avrasya Press

ISBN 978 9967453807
9789967453807- 1

сүрөтү

Китеп ээси.........................................................

АКСЫ РАЙОНДУК
БОРБОРДУК КИТЕПКАНА
Инв. № 40882

А4803300100-13
ISBN 978 9967453807

Кандай сонун китептерим бар...

У ДК 821.51-93
ББК 83.8

Алтай - көп нерсеге кызыккан, суроо сурап, көп нерселерди үйрөнгөн акылдуу бала. Кызыктуу окуялары менен силердин көңүлүңөрдү ачып, көп нерселерди чечүүгө жол көрсөтөт...

**«Ар дайым жеңүүнү каалайм»**
**деген**
**китепти окугандар өздөрүнө**
**эмнелерди ала алышат?**

- Сезимдерин көзөмөлгө алууну
- Достору менен жакшы мамиледе болууну
- Өзүн бир тайпага тиешелүү деп эсептөөнү
- Өзүн башкара алууну
- Табият менен таттуу мамиледе болууну
- Көйгөйлүү маселелерге туура чечим кабыл алууну
- Өзүн башкалардын ордуна коё билүүнү
- Башкалар менен болгон мамилесин жөнгө салууну
- Сабырдуу болууну
- Өзүнүн жакшы жактарын тааныта билүүнү
- Өзү жана үй-бүлөсү жөнүндө кеңири билүүнү



Каарманыбыз Алтай кичинекей бир шаарчада жашайт. Ал - деңиз жээгинде жайгашкан жапжашыл кооз шаар. Алтайдын эң жакын досу - мышыгы Мыймый жана албетте, эгизи Айдай бар. Бирок бул аңгемеде Айдай жок. Анткени, дем алыш күндөрү ал эжесиникине кеткен. Бүгүн эмнелер болду билгиңер келеби? Анда кийинки бетти ачып, Алтайдын окуясын окугула.



Алтай эртең менен **«ку- ка- ре-куу!»** деген короздун үнүнөн ойгонду.

– Кызыл короз бүгүн дагы биринчи туруптур, – деди. Жаздык менен башын жаап кайра уктоого киришти. Бирок кызыл короз сайрап туруп алды.

Алтай: **– Түшүнүктүү, сенден кутулуу мүмкүн эмес,** – деп, жаздыктан башын чыгарса,



ашканадан даамдуу жыт келе баштады.

**«Ммм, апам эртең мененки тамакка май токоч бышырган окшойт»,** – деп ойлоду.


Ошол замат эшик акырын ачылып, эшиктен Алтайдын мышыгы Мыймый кирип келди.



Алтай уктамыш болуп жуурканга кире калды. Мыймый акырын Алтайдын төшөгүнө жакындап, башы менен жууркандын ачып, куйругу менен Алтайдын мурдун кытыгылай баштады.

Алтай:

**- Ээй! Кытылаба, ойгондум, азыр турам. Ойногун келип калган окшойт ээ?** - деп, жууркандын астындагы дөмпөйгөн нерсени кармап:



**«Ааа, кармалдың!»**
деп, кубанып кыйкырды.
Мыймый жууркандын аркы
учунда аны таң калып
карап турду. Алтай болсо
өзүнүн бутун кармап
алган эле!





Алтай кылыгына күлгөн бойдон, Мыймый менен бирге ашканага киришти.

- Жакшысызбы апаке,

**бахх,.. май токоч күндөгүдөй даамдуу жыттанып жатат,**

- деди.




Бирок Мыймый май токочту жакшы көрчү эмес. Ал башка мышыктардай эле сүттү жакшы көрчү. Алтайдын апасы Мыймыйга бир кесе сүт берди. Мыймый абдан кубанып, курсагын кампайта тойгузду.

Тамактангандан кийин Алтай менен Мыймый эшикке чыгышты. Алтай бүгүн достору менен **«жети мунара»** оюнун ойномок болду.




**- Мыймый, бүгүнкү оюнда сөзсүз жеңүүчү болушубуз керек,** - деди ал.




Алтай менен
достору бакчада
жолугушушту.
**«Ык-бык, сен
учуп чык!»**
деп санашып,
анан тайпаларга
бөлүнүштү.

Алгач Алтайдын тайпасы таштарды топ менен атып көрүшмөк. Таштар биринин үстүнө бири тизилди. Алгач Алтай атты, бирок топ таштарга тийбей калды.





Кезек экинчи оюнчуга келди. Ал бала мээлеп туруп топту таамай атты эле, топ тиери менен таштар урап калды. Тайпадагылар ага кол чабышып, аны сүрөштү.



Башка тайпанын оюнчулары топту алып, аларды кубалай башташты.

Алтайдын тайпасы башка тайпанын оюнчулары тарабынан урулбай, таштарды биринин үстүнө бирин тизүүгө аракет кылып жатышты. Оюн барган сайын кызыктуу болуп жатты.


**– Болбойт! Башынан ойношубуз керек,**

– деп, досторуна наараазы болду. Башка тайпа албетте, Алтайдын сунушуна макул болгон жок.

Анда Алтай:

– Анда мен дагы силер менен ойнобойм, – деп, үйүн көздөй чуркап жөнөдү.






Көздөрүнөн аккан жашты токтото албай ызаланып, күчүнүн жетишинче жүгүрүп баратты. Эшиктин оозуна келгенде ыйдан энтигип да калды.



Үйгө кирери менен түз бөлмөсүнө кирип, эшикти тарс жаап, түнөрүп төшөгүнө отурду. Таарынып, кабагын бүркөп:

– Мындан ары алар менен ойнобойм, – деп өзүнчө күбүрөнүп жатты.

Алтай ызаланып бөлмөсүндө жатканда эшиктен досторунун кубанычтуу үндөрү угулуп жатты. Сыртта оюн кызып, уланып жатты. Алтай өзүнчө: **«Мен дагы көңүл ачуучу бир нерсе табышым керек. Досторумсуз деле көңүл ачууга болот»** деп төшөгүнөн турду.







Сүрөт китептерин карады. Анан Мыймый менен мушкет оюнун ойноп, Мыймыйды жеңип жатты. Бирок эч көңүлү ачылбай койду.

Мыймый көрсөткөн кылыктар дагы аны күлдүрбөдү.



Терезенин түбүндө отуруп алып сыртты карай баштады. Достору оюнун улантып жатышты. Алтай: «Кандай сонун көңүл ачып жатышат. Менин жок экенимди сезип да коюшпайт деп ойлонду.



Ошол учурда жанына апасы келди. Алтай аны байкамаксан болду. Апасы Алтайга:

**- Садагам буулуккандай көрүнүп жатат го,** - деди.

Алтай:

- Кантип билип алдыңыз? - деп таң калды.

- Көздөрүңдөн, - деди апасы. Энелер балдарынын сезимдерин көздөрүнөн билишет эмеспи.






Алтай көздөрүн бекитүүгө аракет кылып:

**- Апаке, мен маселемди өзүм гана чече алам,** - деди.

- Албетте, чече аласың каралдым, мен жөн гана иштин жайын билүүнү каалайм, - деди апасы.





Алтай апасына
досторун көрсөтүп:

– Карачы,
досторум менин
жок экенимди да
байкашпайт. Мени
жакшы көрүшпөйт,

– деген бойдон төшөгүнө чүмкөнүп алып, бышактап ыйлай баштады. Апасы:

**– А сен аларды жакшы көрөсүңбү?** – деп сурады.

Алтай ыйлаган боюнча:

– Албетте жакшы көрөм. Алар менен ойнобосом абдан эригип кетем, – деди.



Анда апасы:

**- Анда эмне үчүн алардын жанына барбай жатасың?** - деп сурады.

- Анткени алар мени күйдүң дешти. Мен макул болгон жокмун. Аларга таарынып үйгө баса бердим, - деди.

- Бирок топ сага тийген беле? - деп сурады апасы.

- Ооба, кичине тийип өткөн эле, бирок мен жеңүүнү аябай каалаган элем. **Жеңилүү абдан жаман. Мен ар дайым жеңишим керек!** - деди Алтай бышактаганын токтотуп.



- Ммм.., абдан кызык, эмне үчүн ар дайым жеңүүнү каалайсың? - деди апасы кайрадан суроо узатып.

**- Анткени, мен күчтүүмүн. «Жети мунара» оюнун абдан жакшы ойнойм.**

Апасы Алтайдын көздөрүнүн ичине карап:

- Садагам, сен эле жеңе берсең оюн кызык болобу? Оюнду ким жеңээри белгисиз болгондугу кызык жана көңүлдүү болот. Сен мындай ойлобойсуңбу? - деди уулун суроолуу карап.

Алтай:

**- Апаке, мен эч андай ойлобоптурмун,**

- деп эринин тиштеди.




Апасы жылмайып, Алтайдан кайра сурады:

- Сенин оюңча мен тамакты жакшы жасаймынбы?

Алтай колун чаап:

**- Ооба, тамакты абдан даамдуу жасайсыз, - деди.**





Апасы сөзүн улап:

– Эстесең, кечээ май токочту бир аз күйгүзүп жиберген элем, анда мен тамак жасай албаган болуп эсептелемби? – деди.

– Жок... Бир катачылык болгон го, – деди Алтай.

Апасы:

– Кээде менин жасаган тамактарым каалаганымдай болбой калат. Бирок бул тамак жасай албаганымдан эмес. Сен дагы оюнда кээде жеңилесиң. Бирок бул...





Алтайдын кайра оюнга келгенине достору абдан кубанды. Алтай: **«Албетте... Досторум менен оюн ойноп, көңүл ачуу жеңүүдөн дагы маанилүү»** – деп ойлоду. Алтай ошентип достору менен ойноп жатып, убакыттын кантип өткөнүн дагы билбей калды...


Достор!Силер бул китепти окуп чыктыңар, эми бир аз эс алгыңар келеби?






**Келгиле анда эс алуу менен бирге «Жети мунара» оюнун үйрөнөлү.**

Алгач досторубуз менен эки тайпага бөлүнүп алуубуз зарыл. Санашып мунараны кайсы тайпа жыгаарын белгилеп алабыз. Андан соң бир тегеректин ортосуна 7 ташты биринин үстүнө бирин мунара сыяктуу кылып тизебиз. Эки тайпанын оюнчулары мунарадан жети кадам алыстап, кезек менен топ атып таштарды жыгытууга аракет кылат. Берки тайпадагылар: Ар кандай сөздөрдү айтып, ыр ырдап топ ыргыткандарды адаштырууга аракет кылышат. Мунара жыгылганда таш ыргыткан тайпа качат. Экинчи тайпа аларды топ менен атууга аракет кылат. Топ тийип калган оюнчу оюндан чыгат. Качкан тайпанын оюнчулары топко тийбестен, 7 ташты биринин үстүнө бирин тизе алса оюнду жеңишет. Таштарды тизүүгө үлгүрбөй, оюнчулардын баарына топ тийип калса, кезек экинчи тайпага өтөт....








Достор, эгер силер жеңилип калсаңар эч кайгырбагыла, макулбу? Досторуңар менен жакшылап ойноого аракет кылгыла. Оюнуңар көңүлдүү болсун...

# АЛТАЙ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨСҮ




Колуңуздагы жыйнактарда кичинекей бөбөктөрүбүз күнүмдүк жашоосунда кездеше турган кыйынчылыктардан туура жол таап чыгып кетишине үлгү болорлук көптөгөн окуялар айтылат.


Айрыкча, китептердеги сүрөттөр кичинекей балдарды да өзүнө тартуусу менен бирге, жазуулардын аз жана кооз болушу алардын кызыгуусун ого бетер арттырат деп ишенебиз.


Ал эми Алтайдын элестүү чагылдырылган окуялары биздин мектеп жашына чейинки бөбөктөрүбүздүн сезимтал, таза жана бир нерсени тез кабыл алган жан дүйнөсүнөн жай таап, жүрүм-турумунун жакшы болушуна аз да болсо өз салымын кошот деген тилектебиз.


Колуңуздардагы жыйнакты балдардын жаркын келечеги үчүн жан үрөп эмгек кылган ата-энелерге жана окутуучу-тарбиячыларга сунуштайбыз.


**«Avrasya Press» сунуштайт**


5 жаштан өйдө




avrasya Press

ISBN 978 9967453807
9789967453807-1
www.avrasyapress.com